## Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

*(2016-жылдын апрель айы)*

Өткөн айга салыштырмалуу караоого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык кредит рыногунда коммерциялык банктардын үстөк ликвиддүүлүгүнүн орто күндүк деңгээлинин 1,9 млрд сомго чейин (-0,8 пайыз) бир аз төмөндөшү байкалган.

Караоого алынып жаткан мезгил ичинде ички банктар аралык кредит рыногунда талап боюнча төлөнүүчү карыздар боюнча бүтүмдөр репо шартында келишилген. Мында бул бүтүмдөр жылдык 2,1 пайыз (-5,0 п.п.) орточо алынган чен боюнча ишке ашырылган. Репо шартында бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 475,2 млн сомго чейин (+1,7 пайыз) көбөйгөн.

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Караоого алынып жаткан мезгил ичинде ички рынокто чет өлкө жана улуттук валюталарда стандарттык бүтүмдөр келишилген эмес.

Ошондой эле ушул эле мезгил ичинде Улуттук банктын инструментинен болгон «овернайт» кредиттерине карата суроо-талап болгон эмес. Мында да Улуттук банк коммерциялык банктардын 192,5 млрд сом суммасындагы каражатын (+33,3 пайыз) “овернайт” шартында депозиттерге жайгаштырууну уланткан.

Кредиторлордун концентрациялануу индекси 0,49 (+0,28) түзгөн болсо, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси 0,98 (+0,61) түзгөн. Мындай индекстердин маанилери рыноктун концентрациялануусунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто эки негизги кредитордун жана бир карыз алуучунун катышкандыгына дал келет.

**2-график. банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Банктар резидент эместер менен чет өлкө валютасында келишилген кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 87,4 пайызга төмөндөө менен сом эквивалентинде 138,8 млн түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар-резидент эместер менен ишке ашырылган кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 8,1 пайыз деңгээлинде (+5,7 п.п.) калыптанган.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 04 | 100,0 | 1 | 18,0 | | | | | | | | | | | | | 100,0 | 18,0 | | | | |
| | 05 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 100,0 | 1,0 | 12,0 | | | | | | | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 798,2 | 6,0 | 11,2 | | | 490,0 | 11,0 | 240,0 | 11,0 | | | 68,2 | 14,0 | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 340,1 | 3 | 14,2 | | | 40,1 | 10,5 | | | 300,0 | 14,7 | | | | | | | | | | |
| | 02 | 390,0 | 2 | 12,7 | | | 290,0 | 13,0 | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | | | |
| | 03 | 190,0 | 2 | 12,8 | | | | | | | | | | | 100,0 | 10,0 | 90,0 | 16,0 | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 04 | 4219,1 | 74 | 10,4 | 1940,9 | 10,3 | 2278,2 | 10,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 5351,6 | 90 | 10,7 | 2485,5 | 11,1 | 2639,1 | 10,4 | 226,9 | 10,2 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 2106,0 | 43 | 8,8 | 208,4 | 8,1 | 1523,8 | 8,7 | 373,8 | 9,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | 3924,3 | 84 | 8,3 | 1347,5 | 8,4 | 1965,5 | 8,2 | 590,6 | 8,2 | 20,7 | 9,0 | | | | | | | | | | |
| | 08 | 2057,8 | 38 | 6,7 | 578,5 | 6,3 | 1029,4 | 6,6 | 449,9 | 7,4 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 807,3 | 24 | 6,5 | 530,6 | 6,1 | 276,8 | 7,3 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 521,3 | 23 | 8,9 | 140,5 | 8,2 | 254,5 | 8,7 | 126,3 | 10,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 533,8 | 11 | 8,5 | 109,2 | 8,6 | 424,6 | 8,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 611,9 | 11 | 11,0 | 206,0 | 8,2 | 151,5 | 9,9 | 155,2 | 14,4 | 99,4 | 13,0 | | | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 1010,7 | 34 | 10,0 | 341,4 | 9,7 | 591,1 | 10,0 | 78,2 | 11,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 870,9 | 23 | 11,3 | 77,0 | 8,6 | 646,8 | 11,5 | 147,1 | 11,7 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 467,2 | 11 | 7,1 | 104,0 | 7,3 | 169,4 | 4,7 | 193,8 | 9,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 475,2 | 8 | 2,1 | 5,9 | 2,0 | 64,8 | 1,5 | 307,4 | 2,4 | 97,0 | 1,5 | | | | | | | | | | |